**Ош эл аралык медициналык университети**

**Дарылоо иши факультети**

**ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КЕҢЕШИНИН ОТУРУМУНУН**

№ 5 ПРОТОКОЛУ

15 01. 2026-ж.

Ош шаары

Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы: б.и.к., доцент Орунбаева Б.М.

Окуу-методикалык кеңешинин катчысы: окутуучу Танабаева А.К.

КАТЫШУУЧУЛАР:

Деканат өкүлдөрү, кафедра башчылары, клиникалык кафедралардын ОМИ жооптуулары, СМК жетекчиси, НББП жетекчиси, Окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрү

КҮН ТАРТИБИ:

2025-2026-окуу жылынын 1- жарым жылдыгы боюнча өз ара сабакка катышуу (взаимопосещение) жана ачык сабактардын жыйынтыктарын талдоо, сунуштарды берүү жана окутуу процессин жакшыртуу

УГУЛДУ:

1. Дарылоо иши факультетинде 1- жарым жылдыкта жүргүзүлгөн өз ара сабакка катышуу жана ачык сабактардын жыйынтыктары каралды. Клиникалык жана теориялык дисциплиналар боюнча окутуунун сапаты, сабактарды өткөрүү методикасы, студенттердин активдүүлүгү жана практикалык көндүмдөрдүн калыптанышы талданды.

Айрым клиникалык дисциплиналарда практикалык бөлүктүн жетишсиздиги жана интерактивдүү ыкмалардын аз же  (кейс-стади, симуляция) толук колдонулбагандыгы белгиленди.

ТАЛКУУ:

Талкууга деканат, кафедра башчылары, СМК жетекчиси, НББП жетекчиси жана окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрү катышты.

Сөзгө чыкты:

СМК жетекчиси, б.и.к., доцент Момунова А.К. - өз ара сабакка катышуу окутуучулардын кесиптик чеберчилигин жогорулатууда маанилүү экенин белгилеп, бекитилген графиктин аткарылышы катуу көзөмөлгө алынуусу керектигин айтты.

НББП жетекчиси Турсунова В.- сабактар компетенттүүлүккө негизделген окутуу талаптарына шайкеш келиши керектигин белгилеп, өзгөчө клиникалык сабактарда практикалык багытты күчөтүүнү сунуштады.

Доцент Юсупова Р.О. - сабактарды методикалык жактан жакшыртуу үчүн ачык сабактардын ролу жогору экенин белгилеп, графиктин так аткарылышы маанилүү экенин айтты.

Кафедра башчылары - өз ара сабакка катышуу графиги кафедралар ортосунда тажрыйба алмашууга жакшы шарт түзөрүн белгилеп, графиктин үзгүлтүксүз аткарылышын көзөмөлдөө зарылдыгын айтышты.

Клиникалык кафедра өкүлдөрү - ачык сабактар аркылуу окутуу методикасын жакшыртуу мүмкүнчүлүгү жогору экенин белгилешти.

АНАЛИЗ:

Жалпы жыйынтык боюнча өз ара сабакка катышуу жана ачык сабактар системасы окутуунун сапатын жакшыртууга оң таасир берип жаткандыгы белгиленди. Ошол эле учурда:

айрым сабактарда интерактивдүү ыкмалар жетишсиз колдонулат;

практикалык компонентти күчөтүү зарыл;

графиктин аткарылышын системалуу көзөмөлдөө керек.

ТОКТОМ:

1.Өз ара сабакка катышуу жана ачык сабактардын бекитилген графиги күчүндө калсын жана катуу көзөмөлгө алынсын.

2.Графиктин аткарылышы кафедра башчылары жана СМК тарабынан үзгүлтүксүз мониторингге алынсын.

3.Сабактардын сапатын жакшыртуу максатында интерактивдүү жана клиникалык окутуу ыкмалары кеңири колдонулсун.

4.Практикалык сабактардын үлүшү көбөйтүлүп, клиникалык кейстер милдеттүү түрдө киргизилсин.

5.Ачык сабактар системалуу негизде өткөрүлүп, алардын жыйынтыгы методикалык кеңеште талданып турсун.

Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы: ____________ /Орунбаева Б.М./

Катчысы: ____________ /Танабаева А. К./